# КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ

**Бишкек ш. 30- январь 2020-ж.**

*Келишимди түзүүчү тараптар:*

- *Эл аралык Ала-Тоо Университетинин ректору педагогика илимдеринин кандидаты, Эрдолатов Санжарек Сайпидинович*
- *Аймактык билим берүү институту (Таш-Көмүр шаары), ректору химия илимдеринин кандидаты Барпыбаев Турдумамбет Рысбекович.*

Достук мамилени өркүндөтүү байланышына негизделген билим берүү, илим жана маданият чөйрөсүндө өз ара кызматташууну күчөтүү максатында жогорку тараптар (соңунда биргелешип - тараптар) төмөнкүдөй кызматташуу жөнүндө келишим түздүк:

## I. Келишимдин предмети:

I.1. Тараптар төмөнкү чөйрөлөр боюнча кызматташууга макулдугун билдиришет:

- биргелешкен илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;

- илимий жана мезгилдүү басылмаларда изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарялоого;

- тараптардын жетишкендиктери жана потенциалы тууралуу маалыматтарды республикабыздын жана андан тышкары аймактарда келишимдердин негизинде жайылтуу;

- экинчи тарап үчүн кызыкчылыкты жаратуучу дидактикалык материалдар, программалар, окуу пландары, илимий материалдар ж.б. менен алмашуу;

- биргелешип окуу китептерин жана куралдарын, окуу-усулдук иштелмелерди басмадан чыгаруу;

- тажрыйбалуу педагогдор жана адистер менен маанилүү, актуалдуу жана көйгөйлүү маселелердин үстүндө пикир алмашуу жана чогуу иштөө;

- тараптардын студенттеринин ортосунда академиялык мобилдүүлүктү камсыздоо, достукту чыңдоо максатында түрдүү илимий-методикалык жана маданий-спорттук иш-чараларды өткөрүү;

- билим берүү чөйрөсүндө өнөктөштөрдүн кызыкчылыктарын колдоо максатында аспиранттар, стажерлор жана окутуучулар менен алмашуу, иш билгиликти (стажировканы) уюштуруу;

I.2. Келишим тараптардын макулдашуусу менен иштелип чыккан, талкууланган жана кабыл алынган программалардын негизинде ишке шырылат.

## II. Кызматташуунун жалпы шарттары

II.1. Кызматташуунун шарттары келишимдин тиешелүү пункттарында аныкталган

II.2. Студенттер, кызматкерлер жана окутуучулар курамы менен алмашуу боюнча ишмердүүлүккө тиешелүү өзгөчөлүктөр, кошумча макулдашуулар менен аныкталат.

II.3. Тараптардын ортосунда билим берүүнүн, дидактикалык жана илимий материалдардын кээ бир түрү менен алмашуу контрактык негизде жүргүзүлүшү мүмкүн. Алардын баасы тараптардын талкуу ирээтиндеги тартиби менен чечилет.

II.4. Илимий-изилдөө иштерин аткарууга тиешелүү өзгөчөлүктөр, кошумча программалар жана келишимдер менен аныкталат.

## III. Тараптардын жоопкерчиликтери

III.1. Бул келишимдин шарттарынын аткарылышына тараптардын жетекчилери жооптуу болот.

III.2. Эгерде келишимдин бул же тигил шарттарын тараптар аткарбаса, анда тараптардын бири бул келишимден чыгууга укуктуу. Келишимден чыгуу боюнча биринчи тарап, экинчи тарапка жазуу ирээтинде себебин көрсөтүү менен 1 (бир) жума мурун билдирүү аркылуу кайрылат.

III.3. Тараптардын макулдашуусу менен келишимге өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүүгө болот.

## IV. Келишимдин мөөнөтү

IV.1. Бул келишим тараптар кол койгондон баштап күчүнө кирет жана 5 (беш) жыл мөөнөткө (2020-жылдан 2025-жылга чейин) түзүлөт.

IV.2. Келишим эки нускада түзүлдү, алар бирдей укуктук күчкө ээ жана ар бир тарапта бирден нускасы сакталат.

IV.3. Келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин тараптардын макулдугу менен келишим узартылышы мүмкүн.

**Тараптардын юридикалык даректери:**

| | |
|---|---|
| **Аймактык билим берүү институту** | **Эл аралык Ала-Тоо Университети** |
| Дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл., Таш-Көмүр ш., Студенттер көч.-5. | Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Анкара 1/8, Тунгуч мкр. |
| ИНН 02603201210092 | ИНН 02702199710003 |
| ОКПО 22571200 | ОКПО 21633376 |
| Р/с 1360170000030433 | БАНК "Оптима" |
| ОАО «Керемет банк» БИК 136017 | E-mail: intoffice@iaau.edu.kg |
| E-mail: ABBI.KG@mail.ru | |
| _______________ / Т.Р.Барпыбаев/ | _______________ С. Эрдолатов. |
| м.о. | м.о. |